| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Илимий-техникалык кеңешинин 2022-жылдын 10-октябрындагы №4 чечими менен ЖАКТЫРЫЛГАН | | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 27- октябрындагы №267 буйругу менен БЕКИТИЛГЕН |
|---|---|---|

# «StartUp Students» конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

«StartUp Students» конкурсун өткөрүү жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан, «StartUp Students» конкурсунун (мындан ары – Конкурс) шарттарын жана уюштуруу тартибин жана өткөрүүнү аныктоочу документ болуп саналат, долбоордун жана анын катышуучуларынын ортосундагы өз ара мамиленин жалпы эрежелерин белгилейт.

1. Ушул Жободо төмөнкү терминдер пайдаланылат:

**стартап-долбоор –** коомдун экономикалык өнүгүшү үчүн олуттуу жакшыртууларды түзүүчү, социалдык, экономикалык, экологиялык жана башка көйгөйлөрдү чечүүгө, пайда алууга багытталган экономикалык же социалдык жаңылыкка, актуалдуулукка жана практикалык мааниге ээ болгон инновациялык бизнес долбоор;

**уюштуруучу –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент);

**катчылык** – Кыргызпатенттин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – ИМ Мамфонду);

**бизнес-инкубатор** – жаңы баштаган ишкерлерди (стартапчыларды) стартап-долбоорлорду иштеп чыгууда жана аны өнүктүрүүнүн бардык этаптарында: идеяны иштеп чыгуудан аны коммерциялаштырууга чейин илгерилетүүдө колдоо көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемесинин базасындагы уюм же бөлүм;

**конкурстук комиссия** – комиссия, анын курамы уюштуруучу тарабынан 5 мүчөдөн кем эмес санда жана катышуучуларды алдын ала тандоого жана жеңүүчүлөрдү аныктоого ыйгарым укуктуу бекитилет;

**бизнес-модель** – ишкердик ишти концептуалдык сыпаттоо (өз ара байланышкан бизнес-процесстерди бүтүндөй көрсөтүү жана алардын ишин талдоо үчүн арналган бизнес жөнүндө кыскартылган түшүнүк);

**бетачар (питчинг)** – инвесторлорду тартуу максатында долбоорлорду сунуштоо өткөрүлүүчү иш-чара.

## 2. Конкурстун максаты жана милдеттери

2. Конкурстун негизги максаты болуп ата мекендик стартап-экосистеманы жана ишкердик чөйрөнү өнүктүрүүгө көмөктөшүү, Кыргыз Республикасынын бизнес-инкубаторлорунун ишин колдоо саналат.

3. Конкурстун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- келечектүү стартап-долбоорлорду аныктоо, тандоо жана илгерилетүү;
- Кыргыз Республикасындагы студенттердин, жаш окумуштуулардын, окутуучулардын жана жаңы баштаган ишкерлердин стартап-долбоорлорун ишке ашырууда шыктандыруу жана колдоо көрсөтүү;
- республиканын бардык региондорунда ойлоп табуучулук жана инновациялык иште жарандардын кызыкчылыгын жана жигердүүлүгүн жогорулатуу.

4. Уюштуруучу төмөнкүлөрдү камсыздайт:

- бардык катышуучулар үчүн бирдей шарттарды;
- коомчулукка жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Конкурс жөнүндө маалыматтарды берүү;
- Конкурстун жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды алар расмий жарыяланган датадан мурда ачыкка чыгарууга жол берилбейт.

5. Жеңүүчүлөрдүн саны Конкурстук комиссиянын чечими менен аныкталат.

6. Конкурсту өткөрүүнүн орду –Бишкек шаары.

## 3. Конкурстун катышуучуларына коюлган талаптар

7. Конкурска жаңы продуктуну, буюмду, технологияны же коммерциялаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, жеке илимий-техникалык жана илимий-технологиялык изилдөөлөрдүн негизинде кызмат көрсөтүүнү иштеп чыгууга даяр Кыргыз Республикасынын бизнес-инкубаторлорун пайдалануучулар, бакалавриат, магистратура же аспирантура программалары боюнча ЖОЖдордун окуучулары өтүнмө бере алышат.

8. Конкурска жеке катышуучулар, ошондой эле 3 кишиге чейин иштеп чыгуучулардын тобу катышуучулар боло алышат.

9. Конкурска 5 тематикалык багыт боюнча өтүнмө бере алышат:

- санарип технологиялар;
- медицина жана ден соолук;
- өндүрүштүк технологиялар;
- ресурс үнөмдөөчү технологиялар;
- креативдүү индустриялар.

## 4. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

10. Конкурсту жарыялоо датасы жана өткөрүү мөөнөтү Уюштуруучу тарабынан белгиленет.

11. Конкурска катышуу үчүн катышуучулары тарабынан Жобонун 1-тиркемесине ылайык өтүнмөнүн формасы толтурулат.

Конкурска катышуу үчүн өтүнмө Катчылык тарабынан төмөнкү электрондук дарек: gosfond.patent@patent.kg. же 720021 Бишкек ш., Москва көчөсү 62, ИМ Мамфонду дареги боюнча кабыл алынат.

Өтүнмөлөрдү кабыл алуу этабы 1 (бир) айга созулат.

12. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү узартылган же башка өзгөртүүлөр киргизилген учурда Катчылык Кыргызпатенттин http://new2.patent.kg/ жана ИМ Мамфондунун http://fund.patent.kg/ расмий сайттарына кошумча маалыматты жарыялайт.

13. Катчылык өтүнмөлөрдү кабыл алат жана каттайт. Өтүнмөлөрдү кабыл алып бүткөндөн кийин 3 жумушчу күндүн ичинде Катчылык Конкурстун талаптарына документтердин ылайык келишин текшерет.

14. Конкурстун бардык катышуучуларынын тизмеси Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарында жайгаштырылат.

15. Конкурс 2 этап менен өткөрүлөт.

16. Уюштуруучу Конкурстук комиссиянын курамын кесипкөй көз карандысыз эксперттердин санынан бекитет.

17. **Биринчи этап – алдын ала тандоо.** Конкурстук комиссия 2 күндүк мөөнөттө финалга катышуу үчүн долбоорлорду алдын ала тандайт.

18. Конкурстук комиссия ар бир стартап долбоорду төмөнкү чен белгилери боюнча баалайт:

1) долбоордун инновациялуулугу;
2) долбоордун социалдык мааниси;
3) долбоорду коммерциялаштыруу келечеги;
4) Конкурска катышуунун алкагында жакынкы жарым жылда долбоорду өнүктүрүү планы.

19. Стартап долбоорлорду баалоо үчүн Конкурстук комиссия стартап долбоорлорду баалоонун индикаторлору менен баалоо барагын толтурат, ал биринчи отурумда бекитилет. Баалоо барагы стартап долбоорлорго коюлган негизги талаптарды камтыйт, аларга ылайык келүү балл түрүндө бааланат. Конкурстук комиссиянын чечими протокол менен таризделет. Алдын ала тандоонун жыйынтыгы Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарында жайгаштырылат.

20. **Экинчи этап – финал.** Конкурстук комиссия Катышуучулардын бетачарларын угат, аны түшүндүрүп сунуштоого 5 минута берилет. Бетачар ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык маалыматты камтышы керек.

21. Конкурстун жеңүүчүлөрүнүн максималдуу саны 3 катышуучу/команда болот. Конкурстук комиссия добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен добуш берүү аркылуу сыйлык орундарын аныктайт. Добуштар бирдей болгон учурда, Конкурстук комиссиянын төрагасынын

добушу чечүүчү добуш болуп саналат. Конкурстук комиссиянын чечими протокол менен тариздделет.

## 5. Конкурстун сыйлык фонду

22. Конкурстун жеңүүчүлөрүнө төмөнкүдөй баалуу сыйлыктар тапшырылат:

1-орун – 100 миң сомго чейин баалуу сыйлык;

2-орун – 80 миң сомго чейин баалуу сыйлык;

3-орун – 50 миң сомго чейин баалуу сыйлык.

23. Конкурстун сыйлык фонду компьютер, ноутбук жана планшетти түзөт.

24. Конкурстун сыйлык фонду Конкурсту өткөрүүнү баштаганга чейин мамлекеттик сатып алуулардын порталында конкурс (тендер) өткөрүү аркылуу Кыргызпатенттин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун эсебинен түзүлөт, ал Конкурстун жеңүүчүлөрүнө сыйлык алууга гана пайдаланылат жана 230 000 (эки жүз отуз миң) ашпаган сомду түзөт.

25. Өткөрүлгөн Конкурстун жыйынтыгы Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарында жайгаштырылат.

## 6. Конкурстун Катышуучуларынын жана Уюштуруучунун укуктары жана милдеттери

26. **Катышуучулар:**

- Конкурстун Катчылыгынан Конкурстун мөөнөтү жана эрежелери жөнүндө маалымат алууга укуктуу;
- Конкурска катышууну кабыл алып, ушул Жобо менен өз макулдугун тастыктайт.
- Конкурска катышууга Өтүнмөнү тариздөөдө зарыл болгон анык маалыматтарды көрсөтүүгө жана берүүгө милдеттүү;
- Конкурска катышуу максатында жеке маалыматтарды, анын ичинде фамилияны, атын, атасынын атын, телефон номерин жана электрондук почтанын дарегин пайдаланууга макулдугун берет;
- Катчылык тарабынан Конкурска катышуу максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга макулдугу берилет, ал санкцияланбаган ачыкка чыгаруудан маалыматтарды коргоонун зарыл чараларына кепилдик берет;
- үчүнчү жактардын өзгөчө укуктарын бузбагандыгына кепилдик берет;
- Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык автордук жана патенттик укуктарды бузгандыгы үчүн жарандык-укуктук жана административдик жоопкерчилик тартат.

27. **Уюштуруучу:**

- ушул Жобого ылайык Конкурсту токтотууга укуктуу жана

Катышуучуларга Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарында кабарлоону жайгаштыруу аркылуу кабарлайт;

- Катышуучулар анык эмес маалымат берген же Конкурстук комиссиянын чечимине таасирин тийгизүүчү маалыматтарды жашырган, ошондой эле аларга укуктар үчүнчү жактарга тиешелүү болгон интеллектуалдык менчик объектилерин укуксуз пайдаланган учурларда, Конкурска катышуудан баш тартууга/токтотууга укуктуу.

## 7. Корутунду жобо

28. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү Кыргызпатенттин кароосуна киргизилет жана буйрук менен бекитилет.

| ОДОБРЕНО<br>Решением Научно-технического совета Государственного агентства интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики<br>от 10 октября 2022 года №4 | | УТВЕРЖДЕНО<br>Приказом Государственного агентства интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики<br>от 27 октября 2022 года №267 |
|---|---|---|

# Положение о проведении конкурса «StartUp Students»

## 1. Общие положения

Настоящее Положение о проведении конкурса «StartUp Students» (далее – Положение) разработано в соответствии с Положением о Государственном агентстве интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики, является документом, определяющим условия и порядок организации и проведения конкурса «StartUp Students» (далее – Конкурс), устанавливает общие правила взаимоотношений между организаторами проекта и его участниками.

1. В настоящем Положении используются следующие термины:

**стартап-проект** – инновационный бизнес проект, имеющий экономическую или социальную новизну, актуальность и практическую значимость, направленный на решение социальных, экономических, экологических и др. проблем, получение прибыли, создающий значительные улучшения для экономического развития общества;

**организатор** – Государственное агентство интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Кыргызпатент);

**секретариат** – Государственный фонд интеллектуальной собственности при Кыргызпатенте (далее – Госфонд ИС);

**бизнес-инкубатор** – организация или подразделение на базе образовательного учреждения Кыргызской Республики, призванная поддерживать начинающих предпринимателей (стартаперов) в разработке и продвижении стартап-проектов на всех этапах развития: от проработки идеи до ее коммерциализации;

**конкурсная комиссия** – комиссия, состав которой, утверждается организатором в количестве не менее 5 членов, и уполномоченная на проведение предварительного отбора участников и определения победителей;

**бизнес-модель** – концептуальное описание предпринимательской деятельности (упрощенное представление о бизнесе, предназначенное для

целостного представления и анализа деятельности всей системы взаимосвязанных бизнес-процессов);

**презентация (питчинг)** – мероприятие, на котором проходит представление проектов, в целях привлечения инвесторов.

## 2. Цели и задачи Конкурса

2. Основной целью Конкурса являются способствование развитию отечественной стартап-экосистемы и предпринимательской среды, поддержка деятельности бизнес-инкубаторов Кыргызской Республики.

3. Задачами Конкурса являются:

- выявление, отбор и продвижение наиболее перспективных стартап-проектов;
- стимулирование и поддержка в реализации стартап-проектов студентов, молодых ученых, преподавателей и начинающих предпринимателей в Кыргызской Республике;
- повышение интереса и активности граждан в изобретательской и инновационной деятельности во всех регионах республики.

4. Организатор обеспечивает:

- равные условия для всех участников;
- доведение сведений о Конкурсе до общественности через средства массовой информации;
- недопущение разглашения сведений о результатах Конкурса ранее даты их официального объявления.

5. Количество победителей определяется решением Конкурсной комиссии.

6. Место проведения Конкурса – г. Бишкек.

## 3. Требования к участникам Конкурса

7. На Конкурс могут подать заявки пользователи бизнес-инкубаторов Кыргызской Республики, учащиеся ВУЗов по программам бакалавриата, магистратуры или аспирантуры, которые готовы разработать новый продукт, изделие, технологию или услугу на основе собственных научно-технических и научно-технологических исследований, имеющих потенциал коммерциализации.

8. Участниками Конкурса могут быть как индивидуальные участники, так и группы разработчиков до 3-х человек.

9. Заявки на Конкурс можно подать по 5 тематическим направлениям:

- цифровые технологии;
- медицина и здоровье;
- производственные технологии;
- ресурсосберегающие технологии;
- креативные индустрии.

## 4. Порядок проведения Конкурса

10. Дата объявления и сроки проведения Конкурса устанавливаются Организатором.

11. Для участия в Конкурсе участниками заполняется форма заявки согласно Приложению 1 к настоящему Положению.

Заявка для участия в Конкурсе принимается Секретариатом по электронному адресу gosfond.patent@patent.kg. или по адресу: 720021 г. Бишкек, ул. Московская 62, Госфонд ИС.

Этап приема заявок длится 1 (один) месяц.

12. В случае продления срока проведения Конкурса или иных изменений Секретариат публикуют дополнительную информацию или новые условия на официальном сайте Кыргызпатента http://new2.patent.kg/ и Госфонда ИС http://fund.patent.kg/.

13. Секретариат принимает и регистрирует заявки. После завершения приема заявок в течение 3 рабочих дней секретариат проверяет документы на соответствие требованиям Конкурса.

14. Список всех участников Конкурса размещается на сайтах Кыргызпатента и Госфонда ИС.

15. Конкурс проходит в 2 этапа.

16. Организатор утверждает состав Конкурсной комиссии из числа профессиональных независимых экспертов.

17. **Первый этап – предварительный отбор.** Конкурсная комиссия в 2-х дневный срок осуществляет предварительный отбор проектов для участия в финале.

18. Конкурсная комиссия оценит каждый стартап проект по следующим критериям:

1) инновационность проекта;

2) социальная значимость проекта;

3) перспективы коммерциализации проекта;

4) план развития проекта в рамках участия в Конкурсе на ближайшие полгода.

19. Для оценки стартап проектов Конкурсная комиссия заполняет оценочный лист с индикаторами оценки стартап проектов, который утверждается на первом заседании. Оценочный лист должен содержать основные требования к стартап проектам, соответствие которым будет оценено в виде баллов. Решение Конкурсной комиссии оформляется протоколом. Результаты предварительного отбора будут размещены на сайтах Кыргызпатента и Госфонда ИС.

20. **Второй этап – финал.** Конкурсная комиссия заслушивает презентации Участников, на представление которого дается не более 5 минут. Презентация должна содержать информацию согласно приложению 1 к настоящему Положению.

21. Максимальное количество победителей Конкурса 3 участника/команды. Конкурсная комиссия определяет призовые места путем

голосования простым большинством голосов. В случае равенства голосов, решающим является голос председателя Конкурсной комиссии. Решение Конкурсной комиссии оформляется протоколом.

## 5. Призовой фонд Конкурса

22. Победителям Конкурса будут вручены ценные призы:

1 место – ценный приз до 100 тыс. сом;

2 место – ценный приз до 80 тыс. сом;

3 место – ценный приз до 50 тыс. сом.

24. Призовой фонд Конкурса составляют – компьютер, ноутбук и планшет.

23. Призовой фонд Конкурса образуется за счет средств Государственного фонда интеллектуальной собственности при Кыргызпатенте, путем проведения конкурса (тендер) на портале государственных закупок до начала проведения Конкурса, используется исключительно на предоставление призов победителям Конкурса и составляет не более 230 000 (Двести тридцать тысяч) сомов.

24. Результаты проведенного Конкурса будут размещены на сайтах Кыргызпатента и Госфонда ИС.

## 6. Права и обязанности Участников и Организатора Конкурса

25. **Участники:**

- вправе получать от Секретариата Конкурса информацию о сроках и правилах Конкурса.
- приняв участие в Конкурсе, подтверждают свое согласие с настоящим Положением.
- обязаны указывать и предоставлять достоверную информацию и сведения, необходимые при оформлении Заявки на участие в Конкурсе.
- дают согласия на использование персональных данных в целях участия в Конкурсе, в том числе: фамилию, имя, отчество, номер телефона и адрес электронной почты.
- подтверждают согласие на сбор, хранение, использование, обработку и распространение персональных данных в целях проведения Конкурса Секретариатом, который гарантирует необходимые меры защиты данных от несанкционированного разглашения.
- гарантируют, что не нарушают исключительные права третьих лиц.
- несут гражданско-правовую и административную ответственность за нарушение авторских и патентных прав, согласно действующему законодательству Кыргызской Республики.

26. **Организатор:**

- вправе отменить Конкурс в соответствии с настоящим Положением и уведомляет Участников путем размещения уведомления на сайте Кыргызпатента и Госфонда ИС.
- вправе отказать/приостановить в участии в Конкурсе в случаях, когда Участники предоставили недостоверные сведения, либо утаили сведения, которые могли повлиять на решение Конкурсной комиссии, также неправомерно использовали объекты интеллектуальной собственности, права на которые принадлежат третьим лицам.

## 7. Заключительное положение

27. Внесение изменений в настоящее Положение вносится на рассмотрение Кыргызпатента и утверждается приказом.